**“БЕКИТЕМИН”**
Ж. Баласагын атындагы
Кыргыз улуттук университетинин
илимий иштер боюнча проректору,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор И.Н. Ишекеев
_____________________
«02» июнь 2023 - ж.

**Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин “Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу” темасындагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча аткарылган диссертациясына чыгарылган**

**БҮТҮМ**

Ж. Баласагын атындагы КУУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын 2023-жылдын 21-апелиндеги №2 протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

**Жыйындын төрагасы**: педагогика илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы КУУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын башчысы Асипова Нурбубу Асаналиевна

**Катчы:** жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын ага лаборанты Акматалиева Н. А.

**Катышкандар:**

1. Мырзабек уулу К. – психология илимдеринин кандидаты, доцент (19.00.01)
2. Алимбеков А. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01)
3. Раимкулова А. С. - педагогика илимдеринин доктору, доцент (13.00.01)
4. Карабалаева Г.Т.- педагогика илимдеринин доктору, доцент (13.00.01)

5. Сатыбекова Т.С. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01)

6. Нужный В.А. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01)

7. Сатыбекова М.А. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01)

8. Сулайманова Р.Т. – педагогика илимдеринин доктору, доцент (13.00.01)

9. Калибекова Д.Т. - ага окутуучу

10. Мусакулов Т.М. - ага окутуучу

11. Темиралиева Т.К. - ага окутуучу

12. Айтымбетова Д.А. - ага окутуучу

13. Нурбекова С.Н. - окутуучу

**Күн тартиби:**

**1-суроо: Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын ага окутуучусу А.Ж. Айдаровдун 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу диссертациясын талкуулоо.**

**2-суроо: Айдаров Азамат Жекшенбаевтин «Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы диссертациясы боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо**

**Диссертациялык иш** Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчиси** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Раимкулова Ажара Супуровна

Диссертациянын темасы Ж. Баласагын атындагы КУУнун 2017-жылдын 27-январында өткөрүлгөн ИТКнын жыйынында бекитилген.

**Жыйындын төрагасы, педагогика илимдеринин доктору, профессор Асипова Нурбубу Асаналиевна:** Бүгүн биз кафедранын аспиранты Ж.А. Айдаровдун "Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу" темасындагы диссертациялык изилдөөсүн талкуулап жатабыз.

Биринчи сөздү илимий жетекчиси педагогика илиминин доктору, профессор Раимкулова А.С. - өз пикирин билдирсе.

**Раимкулова А.С. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Айдаров А.Ж. тарабынан жазылган диссертациялык иш дүйнөлүк деңгээлдеги актуалдуу проблемалардан болуп эсептелет. Коомубуздун жаңы стратегиялык өсүп өнүгүшү, билим берүү аймагында компетенттүү мамиленин негизделиши мектеп окуучуларын окутуу жана тарбиялоо ишинде дагы бир кыйла өзгөрүүлөрдү алып келүүдө.

Бүгүнкү күндө жаңы типтеги мектептердин билим берүү процессинде экологиялаштырууну башкы максаты катары кароо, экологиялык маданиятты жайылтуу, экологиялык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, мектеп окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо - заманбап билим берүүнүн актуалдуу маселелери катары аныкталып келүүдө. Теманы тандоонун зарылдыгын жана анын актуалдуулугун аныктоодо, диссертант тарабынан көп байкоо жүргүзүлгөн.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери методологиялык жактан туура коюулуп, алынган натыйжалар аларга шайкеш келет.

Азыркы абалында Айдаров А.Ж. тарабынан жазылган "Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу" аттуу диссертациялык изилдөө өз макстына жетти, теориялык жана практикалык жактан тастыкталып, 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган диссертациялык иш катары коргоого сунуштоого болот деп эсептейм. (Пикир тиркелген)

**Асипова Нурбубу Асаналиевна - п.и.д., профессор, төрага:** Иш кафедрага 2022-жылы келип түшкөн. Бул убакыт ичинде изилдөө иши жетишерлик деңгээлде каралып чыкты. Анда сөздү диссертантка берели.

**Угулду:** педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүчү Айдаров Азамат Жекшенбаевич теманын актуалдуулугун негиздеп, максатын, милдеттерин, обьектисин жана предметтерин аныктаган, иштин түзүлүшүн, анын негизги бөлүмдөрүндөгү камтылган маалыматтарды, педагогикалык изилдөөнүн методдорун, иштин илимий жаңылыгын жана алынган жыйынтыктардын теориялык, практикалык баалуулугун ачып көрсөткөн диссертациянын жалпы мазмуну тууралуу билдирүүсү жасалып, изилдөө темасы боюнча жарык көргөн илимий макалалары саналып өттү.

**Диссертантка төмөндөгүдөй суроолор берилди:**

**Сатыбекова Т.С. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Изилдөө иштин теориялык мааниси жана актуалдуулугу эмнеде?

**Жооп:** Кыргыз Өкмөтүнүн 12-сентябрь 2011-жылдагы №541 токтомунун негизинде жаңы типтеги статустук мектептер (гимназия, кесиптик лицейлер) ачылды, ал мектептерде окутуу жана тарбиялоо сапат жагынан жаңыланып олуттуу милдеттер аныкталды, арасында жаратылышка болгон карым-катнаш маселелерин чечүү милдеттери да коюлду, жалпы адамзаттын жашоосуна зарыл шарттарды камсыз кылуу максатында келечектин ээлери катары заманбап мектептердин окуучуларынын жалпы тарбиясына, анын ичинде экологиялык билимге жана маданиятка чоң маани берилгени маалым. Ушул токтомго шайкеш келген, 2021-2026 жылдары бекитилген Кыргыз Өкмөтүнүн "Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы" аттуу концепциясында: "экологиялык тарбия, экологиялык жактан таза болууга багыттоо" деген проблеманы чечүү маселесине өзгөчө маани берилген. Муну экологиялык билим жана тарбия берүүнүн актуалдуулугу менен түшүндүрсө болот.

Демек, бул концепцияларда экологиялык маданиятты калыптандыруу тарбиялоо процессинин фундаменталдык башкы багыттарынын бири катары аныкталат, ал эми экологиялык компетенттүү инсанды тарбиялоонун максаты жалпы мектептердеги билим берүүдө статустук мектептердеги экологиялык билим берүү аркылуу жаштарды жаратылышты сүйүүгө, камкор мамилеге тарбиялоо экенин белгилейт.

**Сатыбекова М.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Эксперимент кайсыл мектептерде жүргүзүлдү?

**Жооп:** Бишкек шаарындагы №31 мектеп-гимназиясы жана №95 мектеп-гимназиясында жүргүзүлдү.

**Калибекова Д.Т. – ага окутуучу:** Илимий изилдөө ишиңиз боюнча канча илимий макалаңыз жарык көргөн?

**Жооп:** Диссертациялык изилдөө ишибиздин темасы боюнча 10 илимий макала жарык көрдү.

**Сатыбекова Т.С. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Эмне үчүн иште статустук мектептер деп бергенсиз, статустук мектептерге кайсылар кирет?

**Жооп:** Статустук мектептер деп өкмөттүн атайын токтому менен бекиген мектеп-гимназиялар, мектеп-лицейлер, атайын багыттагы гимназиялар, жеке менчик мектеп-гимназиялары ж.б. кирет. Бизде андай мекептер көп. Алардын дээрлик көпчүлүгү борбордо жайгаштырылган. Алар:

1. №65 экологиялык экономикалык лицейи
2. №61 автордук физика-математика мектеп лицейи
3. Ч. Айтматов атындагы №1 окуу комплекс-лицейи
4. Кыргыз-Түрк Анадолу кыздар лицейи,
5. Профессор А.Молдокулов атындагы №5 Улуттук компьютердик гимназия
6. Англис тилин тереңдетип үйрөтүүчү №13 мектеп-гимназия
7. №6 мектеп-гимназиясынын автордук окуу комплекси.

8. №31, 95, 26, 28, 37, 38, 67, 69, 12, 20, 24, 26, 29, 33, 63, 65, 70, 71, 72, 85
9. «Газпром Кыргызстан», «Маариф», «Эврика», «Ак тилек» ж.б. мектептер.

**Асипова Нурбубу Асаналиевна - п.и.д., профессор:** Эгерде суроолоруңар жок болсо, анда диссертацияны талкуулоого өтсөк.

**Карабалаева Г.Т. – педагогика илимдеринин доктору, доцент:** Диссертациянын темасы “Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу” актуалдуу, анткени теориялык жана практикалык жактан курчап турган чөйрөнү сактап калуу азыркы күндө адамзаттын олуттуу проблеммасы болуп саналат, бул жараталышты коргоонун көйгөйлөрүнө кечиктирилгис жана тез реакция жасоону талап кылат.

1. Диссертацияны түзүлүшүнүн логикасы жана жазылышынын илимий стили коюлган талаптарга ылайык келет.

2. Диссертациянын 1-бапта 1.3.п. да “Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун модели” жөнүндө өтө терең талдоо берилгендигин белгилегим келет.

Бирок оң жактары менен катар бир нече сын-пикирлер жана сунуштар да бар: 1. Экинчи баптын 1 – параграфында методологиянын аныктамасы келтирилген, изилдөөнүн объектиси, предмети жана максаты чагылдырылган. Изилдөө методдорунун деталдуу анализи берилген, бирок биз методологиялык ыкмаларды көрө алган жокпуз. Менин оюмча, бул ыкмаларды белгилөө зарыл (мисалы, автор таянган компетенттүүлүккө негизделген, аксиология, гумандуулук, стимулдоочу ж.б.).

2. Үчүнчү баптын 3-параграфында жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин натыйжалары таблицада келтирилген, бирок так жана жакшы кабыл алуу үчүн диаграмма түрүндө берилсе деген ойду айткым келет.

3. Эрежелерге ылайык, коргоого коюлган милдеттери, корутундусу жана коргоого коюлуучу негизги жоболор бири-бирине дал келиши керек.

Жалпысынан алганда, автор өзүнүн астына койгон максатына толук жетишкен жана бул иш коргоого сунуш кылууга толук татыктуу.

**Сатыбекова Т.С.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Бүгүнкү күндө жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу алкагында жарандарга экологиялык билим берүү кечиктирилгис процесс болуп турат. Биздин ата-бабаларыбыздан келе жаткан "Жаратылышты көздүн карегиндей сактоо", "Табият менен таттуу мамиледе болуу" деген маданий мурастарыбызды өздөштүрүүгө толук мүмкүнчүлүк бар. Ушул жагдайды эске алганда талкууга коюлган А.Ж. Айдаровдун диссертациялык ишинде актуалдуу проблема каралган. Ал теориялык жана практикалык чоң мааниге ээ. Кептин баары ошол проблеманын кандайча чечилгендигинде, башкача айтканда, проблеманын диссертациялык деңгээлде биринчи ирет коюлуп жатышында гана эмес, маселе анын теориялык-методикалык жактан иликтениш деңгээлинде, сапаттык чен-өлчөмүндө. Эмгектин эки главасында проблеманын ар кыл аспектилери иликтөөгө алынган жана тиешелүү жыйынтыктар жасалган. Бирок иште майда-барат кемчиликтер дагы кездешет. Жыйынтыктап айтканда, мен бул кандидаттык диссертацияны коргоого сунуш кыламын.

**Мырзабек уулу Камчыбек - психология илимдеринин кандидаты, доцент:** Иштин жалпы мазмуну боюнча менен пикирим позитивдүү. Иш жакшы жазылган, стили калыптанган. Диссертациялык иштеги берилген ойлордун тактыгы, логикалык ырааттуулугу диссертанттын ишке карата жоопкерчиликтүү мамиле кылгандыгын көрсөтүп жана анын жыйынтыктарынын далилдүүлүгүнөн илимий жетекчинин дагы изилдөөчүгө тийгизген зор таасирин баамдоого болот. Тема актуалдуу, изилдөө үчүн эң зарыл маселелерден экендигин баса белгилөөгө болот. Мына ушул темада изилдөө ишин жазуу изилдөөчүнүн билиминин терең экендигин билдирет. Диссертациядан автордун сөз байлыгынын кенендигин аныктоого болот.

Бирок иштин айрым учурларында орфографиялык каталар кездешет. Негизинен эмгекти коргоого сунуш кылууга толук татыктуу.

**Калибекова Д.Т. – ага окутуучу:** Бүгүнкү күндө А.Ж. Айдаров диссертациялык изилдөө иши мезгил талабы үчүн мааниси чоң. Ишти окуп чыгууда изденүүчүнүн көп эмгектенгенин жана анын фундаменталдык биологиялык билими бар экендигин баамдоого болот. Бул анын экологиялык проблеммаларды терең ачып бере алгандыгынан көрүнөт. Эмгекти коргоого сунуш кылууну колдойм.

**Асипова Н.А. – п.и.д., профессор:** Мен А. Айдаровдун илимий ишин карап, ар бир барагынан бери окуп чыктым. Албетте сиздер белгилеп өткөндөй, теманын актуалдуулугу эч кандай күмөн туудурбайт жана аны тандап алууда диссертанттын базалык биологиялык билиминин болушу дагы эске алынып, ишти жазууда ал өзүнүн оң таасирин тийгизди деп айтууга болот. Ошентсе да илимий ишти жазууда бир топ кемчиликтер кетирилген. Аларды мен кагазга жазып койдум, ондоп койсо ашыкча болбойт деген ойдомун. Ишти дагы бир жолу карап чыгышыңыздарды өтүнөм, буга убакыт жетиштүү.

**Асипова Н.А. – төрага, п.и.д., профессор:** Кымбаттуу кесиптештер, өзүңүздөр күбө болгондой, талкуу учурунда азыркы мезгил үчүн теманын актуалдуулугу жана эмгектин жалпы мазмуну туурасында негиздүү, далилдүү ойлор айтылды. Башкача айтканда, менден мурда сүйлөгөндөр диссертациянын мыкты жактарын адилет баалашты. Чындыгында, иштин жалпы мүнөзү, структуралык түзүлүшү, проблеманын көп кырдуу чечмелениши купулга толот. Белгилүү болгондой, экология жаатында тарбиялоо маанисинин кээ бир аспектилерин изилдеген аз сандагы эмгектер бар. Иштин кириш бөлүмү эң жогорку деңгээлде жазылган.

Эмесе, А.Ж. Айдаровдун “Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу” аттуу диссертациясы боюнча төмөндөгүдөй бүтүм чыгаруу сунуш кылынат:

# БҮТҮМ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** А.Ж. Айдаровдун "Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу" аттуу диссертациясы азыркы педагогика илимдеринин актуалдуу маселелеринен болгон коомдун жаңылануу шартындагы статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууга арналып, бүткөн, өз алдынча илимий-педагогикалык изилдөө болуп эсептелинет. Иште мектеп билим берүүсүндөгү экологиялык билимге, окуучуларды табият менен таттуу мамиледе болууга тарбиялоодо пайдалануунун педагогикалык шарттары аныкталган.

Бүгүнкү күндөгү ааламдашуунун жана интернеттештирүүнүн, маалымат технологиялары дүркүрөп өнүккөн кезде билим берүү системасын жаңылоо, кыргыз элинин жаратылыш байлыктарын көтөрүп чыгуу жана аларды заманбап шарттар менен айкалыштыруу аркылуу экологиялык жактан маданияттуу инсанды даярдоо милдеттери актуалдашууда. Жаш муундарды демократиялуулукка тарбиялоодо элдик салттар өзгөчө таасирдүү каражат катары өткөн менен бүгүнкүнүн, улуттук дөөлөттөр менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын, мектеп менен турмуштун байланышын тереңдетүүгө жана маданий деңгээлин жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Бул жоболор Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамында (1993-ж, 2003-ж), Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин 2002-жылдын 25-мартында №2/5 буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасында окуучуларды тарбиялоонун концепциясында" жана Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө" Жарлыгында (2021), "Кыргыз Республикасынын 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясында" (КББА, 2021) тарбиялоонун башкы максаты катары жаштарды ата мекендик педагогикалык салттар аркылуу калыптандыруу жана жеткизүү милдеттери белгиленген.

Демек, бул концепцияларда айлана чөйрөгө аяр мамиле кылууга тарбиялоо процессинин фундаменталдык башкы багыттарынын бири катары аныкталат, ал эми экологиялык маданиятка тарбиялоонун максаты жалпы адамзаттык дөөлөттөр менен катар эле улуттук руханий мурастарга да негизделиши керек экендигин белгилейт.

**Изилдөөнүн максаты**: статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

Изилдөөнүн проблемасына, максатына, объектисине жана предметине ылайык төмөнкү **милдеттер** коюлду:

1. Окуучулардын экологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздерин аныктоо.
2. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу.
3. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана эксперименталдык жактан текшерүү.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:**

Педагогикалык адабияттарды жана практикалык изилдөөлөрдү талдоонун негизинде статустук мектептерде жогорку класстардын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий негиздери аныкталды. Когнитивдик, керектөөчүлүк-мотивациялык, практикалык-иш аракеттик, эмоционалдык - эрктүү компоненттер менен сунушталган статустук мектептин жогорку класстын окуучусунун экологиялык компетенттүүлүгүнүн калыптандыруунун модели иштелип чыкты. Локалдык деңгээлдеги долбоордук-экологиялык окутуунун педагогикалык технологиясы иштелип чыгып, апробацияланды. Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетентүүлүгүн

калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, экспериментте текшерилди.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси:** окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздерин талдоодо; окуучулардын экологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу түшүнүктөрүн конкреттештирүүдө жана тактоодо; окуучулардын экологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууну уюштуруунун шарттарын негиздөөдө; статустук мектептин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун критерийлерин иштеп чыгууда турат.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү:**

Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун моделин иштеп чыгууда жана илимий жактан негиздөөдө; жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда локалдык деңгээлдеги долбоордук-экологиялык окутуунун технологиясын программалык-методикалык жактан камсыз кылууда турат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1.Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу – бул жаратылышка багытталган ишмердүүлүктөгү окуучулардын өздүк тажрыйбасы менен экологиялык билимдерин бириктирүүнү, алардын субъектилик позициясын курууну жана педагогикалык процессти заманбап маанайда уюштурууну камсыздаган процесси.

2. Өз ара компоненттер менен байланышкан статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгү: когнитивдик компонент (экологиялык билимдерге, экологиялык ой жүгүртүүгө ээ болуу ж.б.), керектөөчүлүк-мотивациялык компонент (конкреттүү турмуштук кырдаалда өз билимин көрсөтүүгө даяр болуу ж.б.); практикалык- иш аракеттик компонент (экологиялык милдеттерди чечүү үчүн алынган билимдерди иш

жүзүндө колдонуу); эмоционалдык – эрктүү компонент (аң-сезимдин өнүгүүсү менен байланышкан ой жүгүртүүнү кайра түзүүгө багытталган инсандык мүмкүнчүлүктөр).

3. Заманбап педагогикалык процессти камыздаган экологиялык мүнөздөгү локалдык экосистемасы, илимий-изилдөөчүлүк иштин модели катары, статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда жаратылышка багытталган чөйрөсү катары калыптандыруучу потенциалды түзөт.

4. Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктаган жана текшерген эксперименттин натыйжасы.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, окуучулардын экологиялык компетентүүлүгүн калыптандыруунун модели иштелип чыкты жана мектеп мугалимдерине сунушталды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо).** Изилдөөнүн натыйжаларынын негизги жоболору жана корутундулары Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын отурумдарында, эл аралык илимий-практикалык конференцияларда илимий журналдарда, РИНЦ системасындагы, эксперимент өткөн статустук мектептердин мугалимдеринин кеңешмелеринде талкууланган.

**Илимий жыйынтыктын жана изилдөөнүн корутундусунун аныктыгы.** Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин чечүүгө комплекстүү мамиле кылуу менен; изилдөөнүн баштапкы теориялык жоболорунун методологиялык негиздүүлүгү жана ырааттуулугу менен; ар кандай илимий изилдөө методдору жана ыкмалары менен, алардын өз ара байланышы менен камсыздалды.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч главадан жана алардан пайда болгон корутундулардан, жалпы тыянактан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен ( 117 адабият), 10 таблицадан, 10 диаграммадан жана тиркемеден турат. Жалпы көлөмү – 151 бет.

Изилдөөнүн натыйжаларын жана жыйынтыктарын чагылдырган илимий макалалар И. Арабаев атындагы "КМУ Жарчысы" Бишкек (2017), К. Карасаев атындагы "БГУ Жарчысы" Бишкек (2018), "Вестник Кыргызстан" Кыргызстан(2018), "Известия ВУЗов" (2021) Кыргызстан жарыяланган. Илимий иштин негизги мазмуну жарык көргөн 10 илимий макалада чагылдырылган. Айдаров Азамат Жекшенбаевтин изилдөөсү жетишерлик жогорку илимий деңгээлде жазылган. Автордун материалды илимий негизде бере алгандыгы, анын системалуулугу, жыйынтыктарынын аргументтүүлүгү, библиографиялык аппаратты туура жаза билиши анын илимий кызматкер катары каныгып калгандыгын күбөлөндүрөт.

Ошондуктан "Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компитенттүүлүгүн калыптандыруу" атуу темадагы диссертациялык иш 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык келет жана КР УАКтын "Окумуштуулук даражаны ыйгаруу жөнүндө жобонун" 10 пунктунун талаптарына жооп берет.

**2-суроо: Айдаров Азамат Жекшенбаевтин «Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы диссертациясы боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.**

Жыйындын төрайымы катышуучуларды жыйындын күн тартиби жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 26. 09. 2022-жылдагы №01-9/422 маалыматтык каты менен тааныштырды. Ж. Баласагын атындагы КУУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасында аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык

экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы боюнча сөздү – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Г.Т. Карабалаевага берди.

**Угулду:** педагогика илимдеринин доктору, доцент Карабалаева Г.Т. Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компитенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу темадагы аткарылган диссертациялык иштин кошумча программасы психолого-педагогикалык адабияттарды, илимий изилдөө методдорун жана анализдөө методдору камтылгандыгын атады. Изилдөөдө, статустук мектептердеги окуучулардын көндүмдөрүн калыптандыруунун өзгөчолүктөрү, бачкычтары, ыкмалары жана формалары терең ачылгандыгында; статустук мектеп окуучуларынын экологиялык маданиятынын калыптандыруу процессинин зарылчылдыгы, аны жайылтуу жана жогорулатуу; мектептерде балдарды экологиялык жактан компетенттүү кылып тарбиялоо, курчап турган чөйрөгө аяр мамиле кылуу жана бул иштерди билим берүү уюмдарынын маанилүү иш-чараларына кошуу шарттарынын илимий жактан негиделгендиги тууралуу айтып өттү.

Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси: Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун моделин иштеп чыгууда жана илимий жактан негиздөөдө; жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда локалдык деңгээлдеги долбоордук экологиялык окутуунун технологиясын программалык-методологиялык жактан камсыз кылууда; изилдөөдө камтылган корутундулар жана сунуштар окутуу тарбиялоо процессинде педагогикалык-психологиялык дициплиналардын мазмунун байытуу менен статустук мектептерде билим берүү уюмдарынын болочокто экологиялык жактан компетентенттүү коомду даярдоодо колдонулгандыгы менен маанилүү деп белгиледи.

Изденүүчүгө төмөнкү суроолор берилди:

**Сатыбекова М.А. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент:** Азамат Жекшенбаевич, “Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу” деген эмне түшүндүрүп берсеңиз?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат! Статустук мектептерде окуган окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу деген - бул өзгөчө статусу бар окуу мекмелеринде билим алган өспүрүмдөрдүн курчап турган чөйрөгө карат билимин, билгичтигин, өзгөчө мамилесин, аяр мамилесин калыптандыруу, же болбосо биз жашаган коом, андагы өсүмдүктөр жаныбарлар, микроорганизмдер, баардыгы биздин колдоого муктаж экенин түшүндүрүү. Балдарда мындай көндүмдөрдүн калыптанышы, алардын жаратылыш менен болгон мамилесин жакшыртып, түздөн-түз окутуу-тарбиялоо процессине оң таасирин тийгизет деп ойлоймун.

**Сатыбекова М.А.** Экинчи суроо: Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын кантип жана кайсыларын тандап алдыңыз?

**Изденүүчү:** Статустук мектептердин окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен байланышкан педагогикалык шарт өзгөчө статуска ээ болгон жана жогорку деңгээлдеги билим берүүнү, анын ичинде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү максаттарын көздөгөн атайын билим берүү мекемелерин билдирет. Статустук мектептер мамлекеттик, жеке же эл аралык билим берүү мекемелери катары таанылышы мүмкүн, алар өзгөчө билим берүү программасына, маданий баалуулуктарга же адистикке, бул учурда экологияга басым жасашат.

Биз педагогика илиминдеги педагогикалык шарттардын арасынан изилдөө проблемага байланыштуу төмөнкү 4 шартты аныктадык:

– окуучуларды экологиялык иштерге активдүү тартуучу жана алардын экологиялык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү интерактивдүү методдорду колдонуу;

– экологиялык аспектилерди ар кандай предметтерге жана сабактарга киргизүү аркылуу окуучулардын жаратылыш менен адамдын өз ара байланышы, экологиялык көйгөйлөр жана аларды кантип чечүү керектигин билдирүү;

– окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн жаратылышты коргоо уюмдары жана адистер менен кызматташуу;

– ачыктык жана инновация: заманбап педагогикалык технологияларды, маалыматтык-коммуникациялык каражаттарды колдонуу, окуучулардын экологияны үйрөнүүгө активдүү катышуусу жана көңүлүн буруу.

**Сулайманова Р.Т.- педагогика илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу.** Азамат Жекшенбаевич, Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун актуалдуулугун кантип далилдейсиз?

**Изденүүчү:** Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун актуалдуулугун төмөндөгүлөр далилдеди:

- социалдык-педагогикалык деңгээлде, адам потенциалын натыйжалуу пайдалануу жана өркүндөтүүнүн негизинде өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган мамлекеттин социалдык стратегиясынын компетенттүүлүгүнө негизделген билим берүүнү;

- илимий-теориялык деңгээлде, билим берүүөгү компетенттүүлүккө негизделген мамилени өнүктүрүү, бул ыкманы практикага киргизүү;

- илимий-методикалык деңгээлде, мектептердеги окуучулардын актуалдуулук экологиялык статустук комптенттүүлүгүн калыптандыруунун негизги факторлору болгон, жаратылыш менен мамиле куруунун жана окуу-тарбия процессии уюштуруунун гуманисттик принциптерине өтүүнү, өз алдынчалуулукту, жоопкерчиликтүүлүктү, коммуникация көндүмдөрүн жана башка социалдык көндүмдөрдү калыптандыруу негизги орунда экендиги.

**Алимбеков А. - педагогика илимдеринин доктору, профессор.** Сиз жөнөкөй сөз менен түшүндүрсөңүз, экологиялык компетенттүүлүк көндүмдөрүн кантип калыптандырдыңыз?

**Изденүүчү:** Сурооңузга ырахмат! Окуучулардын «табият менен таттуу мамиледи болуу», «чөптү кордосоң, көзүңө кирет» же «суу өмүр булагы» ж. б. элдик макал-ылакаптарды колдонуу менен этнопедагогиканын айрым сабактарын балдарга үйрөтүү менен жандуу жаратылыш баалуулуктары жана ушул баалуулуктарга туура келген журум-туруму жөнүндөгү ойлору. Негизги баалуулук катары жаратылыш, андагы биоартүрдүүлүктүн сакталуусу, аны сактап калууну ишке ашыруунун ар кандай жолдорун жана варианттарын урматтоо.

**Нужный В.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.** Сиз эмнеге ушул теманы тандадыңыз?

**Изденүүчү:** Менин кесибим биолог. Диломдук ишимди биоэкология кафедрасында жактап, Нарын мамлекеттик бугу-марал коругунда болуп, кыргызстандын экосистемасын сактоо керек экенине ынангам. Бирок биздин мамлекетте мени түйшөлткөн бир нече көйгөйлөр бар экенин көрүп, ушул темага токтолуума туура келди. Мектептерде окуучулардын жаратылыш жөнүндө билимин жогорулатуу тууралуу иштер колго алынбагындыгы; окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда маалыматтардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн кеңири экендигине карабастан, аларды колдонуунун теориялык жана методикалык негиздеринин иштелип чыкпагандыгы; статустук мектептердеги мугалимдердин экология жөнүндөгү билимдеринин төмөндүгү жана жетишсиздиги; экологиялык маданият, экологиялык компетенттүүлүктү калыптандырууда педагогикалык шарттарды натыйжалуу ишке ашыруудагы кыйынчылыктардын пайда болуусу ушул теманы тандоого түрткү берди.

## ТАЛКУУЛООГО КАТЫШТЫ:

**Асипова Н.А. - педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин “Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу” аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитүү үчүн талап кылынган критерийлерге толук жооп берет. Мен кошумча программаны бекитүүнү сунуш кылам.

**Сулайманова Р.Т. - педагогика илимдеринин доктору, доцент:** иштелип чыккан программа диссертациянын темасы боюнча суроолордун бардык бөлүмдөрүн толук камтыйт. Мен бекитүүнү сунуштайм.

**Карабалаева Г.Т.- педагогика илимдеринин доктору, доцент:** Биздин бүгүнкү кафедранын жыйыны А.Ж. Айдаровдун диссертациялык иши боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо менен өттү.

Программа боюнча өз пикирин билдирген баяндамачыны, профессордук- окутуучулар курамынын ой-пикирлерин, сунуштарын уктук. Талкуунун жыйынтыгын чыгарып жатып, кошумча программада диссертациянын темасына туура келген статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары тууралуу идеялары жана тажрыйбалары тууралуу маселелер толук камтылганын белгилегим келет.

Азамат Жекшенбаевичтин, жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**ДОБУШ БЕРҮҮ: “Макул” - бардыгы. Бир добуштан кабыл алынды.**

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасы Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин «Статустук мектептердеги окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу» аттуу диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн, суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.
2. Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин “Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык комптенттүүлүгүн калыптандыруу” аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын 10 пунктунун жобосуна толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунуш кылынсын.
3. Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин атайын дисциплинадан кандидаттык экзамендин кошумча программасы бекитилсин.

**Кеңейтилген жыйындын төрагасы,**
**жогорку мектептин педагогикасы**
**кафедрасынын башчысы**
**п.и.д., профессор** **Асипова Н. А.**

**Жыйындын катчысы:** **Акматалиева Н. А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

проф. Асипова Н. А. кол тамгасын тастыктайм
КБ башчысы Н. Курамаева